коомдук фонд
общественный фонд
тоолуу аймактардын туруктуу өнүгүшү үчүн
для устойчивого развития горных регионов

# «CAMP АЛАТОО» КФ ИШМЕРДҮҮЛҮК БАГЫТТАРЫ

# ОФ «CAMP АЛАТОО» НАПРАВЛЕНИЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

**«CAMP Алатоо» коомдук фонду 2004-жылы Борбордук Азия Тоо Өнөктөштүк Программасынын (Central Asia Mountain Partnership - CAMP) уландысы катары негизделген. Башынан эле фонд өз иш-аракеттерин тоолуу аймактардагы жашоочуларды колдоого жана жаратылыш ресурстарын сактоого багыттаган.**

Бул багыттар анын миссиясынын негизи болуп калды: «CAMP Алатоо» коомдук фонду жогорку мотивацияга ээ эксперттик командасы жана демократиялык башкаруу принциптерин карманууменен Борбордук Азиядагы коомдордун жашоо деңгээлин жогорулатууга, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашууга көмөктөшөт. Бул үчүн ал жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу механизмдерин иштеп чыгып, жергиликтүү жана эл аралык тажрыйбаны ыңгайлаштырып, ишке ашырат. Биздин демилгелер узак мөөнөттүү таасирге ээ болуп, коомдордун социалдык жана экономикалык туруктуулугун жогорулатууга жардам берет, ошол эле учурда аймактардын жаратылыш байлыктарын сактоого көмөктөшөт.

**Общественный фонд «CAMP Алатоо», основанный в 2004 году как продолжение Центральноазиатской Программы Горного Партнерства (Central Asia Mountain Partnership - CAMP), с самого начала сосредоточил свои усилия на поддержке жителей горных регионов и сохранении природных ресурсов.**

Эти направления стали основой его миссии: ОФ «CAMP Алатоо» с высоко мотивированной экспертной командой, следующей демократическим принципам управления, активно содействует улучшению уровня жизни сообществ Центральной Азии, сохранению биоразнообразия, адаптации к изменению климата, используя устойчивое управление природными ресурсами путем разработки, адаптации и внедрения местного и международного опыта». Наши инициативы имеют долгосрочный эффект, способствуют улучшению социальной и экономической устойчивости сообществ, сохраняя при этом природное богатство регионов.

## «CAMP Алатоо» коомдук фондунун негизги артыкчылыктуу багыттары

### Программалык ишмердүүлүк

Биз айылдык коомдордо жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу үчүн инновациялык ыкмаларды иштеп чыгып, ишке ашырабыз. Ар бир коомдун уникалдуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, биз туруктуу башкаруу үчүн практикалык чечимдерди иштеп чыгып, жергиликтүү деңгээлде колдонобуз. Эл аралык донорлордун колдоосу менен тоолуу аймактарда долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу биз жергиликтүү элдин жашоо сапатын жакшыртууну жана айлана-чөйрөнү коргоону көздөйбүз.

### Социалдык таасир жана туруктуулук

Ар бир долбоорубуз чыныгы социалдык жана экологиялык таасир жаратууга багытталган. Биз демилгелерди ишке ашыруу менен гана чектелбестен, алардын туруктуулугун камсыз кылууга басым жасайбыз. Жергиликтүү коомдорду окутуп, алардын жаратылыш ресурстарын өз алдынча өнүктүрүүсүнө жана экосистемаларга зыян келтирбей турган жашоо деңгээлин жогорулатууга жардам беребиз.

### Өнөктөштүк жана инновациялар

Биз эл аралык уюмдар, мамлекеттик мекемелер жана жергиликтүү бейөкмөт уюмдар менен активдүү кызматташабыз. Бул өнөктөштүк бизге тажрыйба алмашууга, мыкты практикаларды үйрөнүүгө жана аларды жергиликтүү шарттарга ылайыкташтырууга мүмкүндүк берет. Биз ишибизде жаратылыш ресурстарын мониторингдөө үчүн санариптик инструменттерди жана тажрыйба алмашуу платформаларын иштеп чыгуу сыяктуу инновациялык технологияларды колдонобуз. Климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү жана жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу үчүн жерди жана суу ресурстарын башкаруу, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жана энергияны натыйжалуу пайдалануу тармактарында инновацияларды ишке киргизүү маанилүү бөлүгү болуп саналат.

### Ишмердүүлүк багыттары

1. Жер ресурстарын туруктуу башкаруу
2. Суу ресурстарын туруктуу башкаруу
3. Жапайы жаратылышты сактоо
4. Энергияны натыйжалуу пайдалануу
5. Экологиялык билим берүү

Бул бардык багыттар төмөнкү негизги факторлорду эске алуу менен өнүгүүдө: климаттын өзгөрүшүнө адаптация болуу, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, жаратылыш ресурстары үчүн болгон чыр-чатактарды алдын алуу, коомдордун жашоо деңгээлин жогорулатуу, жаратылышка негизделген чечимдерди ишке ашыруу жана аймактык кызматташтыкты күчөтүү.

### Жер ресурстарын туруктуу башкаруу

2014-2024-жылдар аралыгында «CAMP Алатоо» 30га жакын долбоорду ишке ашырып, жайыттарды жана токойлорду жакшыртуу, климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин азайтуу, жаратылыш ресурстары үчүн болгон чыр-чатактарды болтурбоо жана экологиялык маалымдуулукту жогорулатуу боюнча инновациялык ыкмаларды киргизди. Бул аракеттер айылдык коомдордун жашоо шарттарын жакшыртууга жана туруктуулугун арттырууга көмөктөшөт.

### Суу ресурстарын туруктуу башкаруу

Биз суу ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга, суу бассейндеринин экосистемаларын сактоого жана айылдык тургундардын сугат суусуна жеткиликтүүлүгүн камсыздоого басым жасайбыз. «CAMP Алатоо» суу ресурстарын башкаруу боюнча комплекстүү ыкмаларды иштеп чыгып, климаттык жана социалдык өзгөрүүлөрдү эске алган чечимдерди сунуштайт.

## Основные приоритеты ОФ «CAMP Алатоо»

### Программная деятельность

Мы разрабатываем и внедряем инновационные методы для рационального использования природных ресурсов в сельских сообществах, учитывая их уникальные особенности. Наша деятельность сосредоточена на создании и применении практических решений для устойчивого управления этими ресурсами на местном уровне. Реализуя проекты в горных регионах при поддержке международных доноров, мы стремимся улучшить качество жизни местного населения и сохранить окружающую среду.

### Социальное воздействие и устойчивость

Каждый наш проект направлен на создание реального социального и экологического воздействия. Мы не только реализуем инициативы, но и делаем акцент на устойчивости, которая будет сохраняться даже после завершения проекта. Мы обучаем местные сообщества и создаём возможности для того, чтобы люди могли самостоятельно продолжать развивать свои ресурсы и обеспечивать благосостояние без разрушения экосистем.

### Партнёрство и инновации

Мы активно развиваем партнёрские отношения с международными организациями, государственными учреждениями и местными НПО. Это сотрудничество позволяет нам обмениваться знаниями, перенимать лучшие практики и адаптировать их к местным условиям. Важной частью нашей работы является внедрение инновационных технологий и подходов, таких как создание и использование цифровых инструментов для мониторинга природных ресурсов и платформ для обмена опытом. Мы активно применяем новейшие методы для решения проблем изменения климата и устойчивого управления природными ресурсами, внедряя инновации в таких областях, как управление земельными и водными ресурсами, сохранение биоразнообразия и энергоэффективность.

### Направления деятельности

1. Устойчивое управление земельными ресурсами
2. Устойчивое управление водными ресурсами
3. Сохранение дикой природы
4. Энергоэффективность
5. Экологическое образование

Каждое из этих направлений развивается с учетом ключевых факторов: адаптации к изменениям климата, сохранения биоразнообразия, предотвращения конфликтов за природные ресурсы, повышения благосостояния сообществ, внедрения природно-ориентированных решений и усиления регионального сотрудничества.

### Устойчивое управление земельными ресурсами

С 2014 по 2024 гг. ОФ «CAMP Алатоо» реализовал около 30 проектов, которые включают инновационные подходы для улучшения состояния пастбищ и лесов, снижения последствий изменения климата и конфликтов за ресурсы, сохранения биоразнообразия и повышения экологической осведомленности. Эти решения способствуют улучшению условий жизни сельских сообществ, делая их более устойчивыми.

### Устойчивое управление водными ресурсами

Мы активно работаем над рациональным использованием водных ресурсов, сохраняем экосистемы водных бассейнов, обеспечиваем доступ к поливной воде сельских жителей и обучаем их водосберегающим технологиям. ОФ «CAMP Алатоо», разрабатывает комплексные подходы для управления водными ресурсами, учитывая климатические и социальные изменения.

### Сохранение дикой природы

В ответ на современные угрозы, такие как изменение климата, конфликты за природные ресурсы и сокращение численности видов животных и растений, ОФ «CAMP Алатоо»: (1) вовлекает местные сообщества в управление природными территориями, создавая общественные охраняемые зоны; (2) содействует повышению квалификации специалистов национальных парков; (3) внедряет цифровые системы для мониторинга и защиты дикой природы.

## Жапайы жаратылышты сактоо

Биз климаттын өзгөрүшү, жаратылыш ресурстары үчүн болгон чыр-чатактар жана жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн азайышы сыяктуу заманбап коркунучтарга жооп берүүдө жергиликтүү коомдорду жаратылышты коргоо иштерине тартуу аркылуу иш алып барuудабыз:

1. Коомдук коргоо аймактарын түзөбүз.
2. Улуттук парктардын адистеринин квалификациясын жогорулатууга көмөктөшөбүз.
3. Жапайы жаратылышты көзөмөлдөө жана коргоо үчүн санариптик системаларды ишке kbu

## Энергияны натыйжалуу пайдалануу

Фонд айылдык үй чарбалар үчүн энергияны натыйжалуу пайдалануу боюнча чечимдерди иштеп чыгып, усталарды үй жылуулоо боюнча заманбап ыкмаларга үйрөтөт жана каржылык жеткиликтүүлүктү камсыз кылат. Ошондой эле, биз альтернативдүү энергия булактарын өнүктүрүүнү жана тоолуу аймактар үчүн жылуулук системаларын оптималдаштырууну колдойбуз. Биздин максат – энергия сарптоону азайтып, айлана-чөйрөгө тийгизилген терс таасирди төмөндөтүү.

## Экологиялык билим берүү

«CAMP Алатоо» мугалимдер, окуучулар, студенттер, методисттер жана квалификацияны жогорулатуу борборлорунун адистери үчүн экологиялык билим берүүнү активдүү өнүктүрүүдө. Биз ЮНЕСКОнун «Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү» (ТОББ) программасынын принциптерин колдонуп, жарандарга туруктуу өнүгүү жана жаратылышты коргоо боюнча керектүү билим, көндүмдөр жана баалуулуктарды берүү менен жаш муундар үчүн туруктуу келечекти курууга көмөктөшөбүз.

Биздин ишибиздин маанилүү бөлүгү – жаратылышты коргоо боюнча практикалык демилгелерди ишке ашыруу, билим берүүчү материалдарды иштеп чыгуу жана жарандык илимди жайылтуу.

## Биздин команда

Биздин адистер – Борбордук Азиянын өнүгүүсүнө салым кошуп жаткан жогорку квалификациялуу кесипкөйлөрдүн жамааты. Алар ар бир долбоордун ийгиликтүү ишке ашышына чоң салым кошуп, дайыма билимин өркүндөтүп, эл аралык конференцияларга катышып турушат.

Контакты: Кыргызская Республика 720031, г. Бишкек, пер. Уфимский 3,
тел.: +996 (312) 909 703, Wa/me: +996 (990) 909 703,
электронная почта: secretary@camp.kg

## Энергоэффективность

Фонд разрабатывает и распространяет энергоэффективные решения для сельских домохозяйств, обучает мастеров современным методам утепления домов и помогает с доступом к финансированию. Мы также поддерживаем развитие альтернативных источников энергии и оптимизацию отопительных систем для горных регионов. Наша цель – помочь снизить энергозатраты и минимизировать влияние на окружающую среду.

## Экологическое образование

ОФ «CAMP Алатоо» активно развивает экологическое образование, направленное на педагогов, школьников, студентов, методистов и специалистов центров повышения квалификации.

В своей работе мы используем принципы образовательной программы ЮНЕСКО «Образование в интересах устойчивого развития (ОУР)», которые направлены на формирование у граждан необходимых знаний, навыков и ценностей для устойчивого развития и охраны природы и построения устойчивого будущего.

Особое внимание уделяется практическим экологическим инициативам, таким как природоохранные проекты и разработка методических материалов для образовательных учреждений.

Также важное место в этом направлении занимает гражданская наука – метод, позволяющий широкому кругу людей участвовать в сборе и анализе данных об окружающей среде, что способствует осознанному отношению к природным ресурсам.

## Наши сотрудники

Наши сотрудники – это команда опытных и преданных делу профессионалов, работающих на благо развития Центральной Азии. Каждый из них вносит свой вклад в успешную реализацию проектов, и мы постоянно поддерживаем их развитие через обучение, повышение квалификации и участие в международных конференциях. Сотрудники ОФ «CAMP Алатоо» активно взаимодействуют с местными сообществами и партнерами, что позволяет нам эффективно достигать поставленных целей.

Байланыштар: Кыргыз Республикасы, 720031, Бишкек ш., Уфимский к., 3.
Тел.: +996 (312) 909 703 WhatsApp: +996 (990) 909 703
Email: secretary@camp.kg